***DOI:10.26104/NNTIK.2023.15.14.050***

*Сариева К.*

## АСЫЛБЕК АЛТМЫШБАЕВ – ФИЛОСОФИЯДА ТЕҢИРЧИЛИК ИШЕНИМИН ИЛИКТӨӨНҮН БАШТООЧУСУ

*Сариева К.*

## АСЫЛБЕК АЛТМЫШБАЕВ – ОСНОВОПОЛОЖНИК ИССЛЕДОВАНИЯ ТЕНИРИАНСТВА В ФИЛОСОФИИ

*K. Sarieva*

## ASYLBEK ALTMYSHBAEV – FOUNDER OF RESEARCH ON TENIRIANISM IN PHILOSOPHY

*УДК: 140.8:241(575.2) (04)*

*Академик А.А. Алтмышбаев кыргыздардын дүйнө таанымында теңирчилик ишениминин маанисин, ордун, келип чыгуу эволюциясын философияда иликтөөнүн баштоочусу. Ал «Теңир» түшүнүгүнүн кыргыздардын дини жана идеологиясы менен байланышын карайт. Бул түшүнүктүн кыргыздардын аң-сезиминдеги тарыхый өнүгүшүн серептеп, буддизмдин Байыркы Индиядан Монгол, тибет аркылуу келүү жана экинчи бир мүмкүндүк персиялыктардын Авеста окуусу аркылуу өтүү жолун талдайт. Буддизм байыркы түрктөргө терең тамыр жайып кете алган эмес. Бирок, байыркы түрк уруулары, анын ичинде кыргыздар буддизмдин өздөрүнүн жашоо образына туура келген - Асман, Жер, Суу ж.б. түшүнүктөр менен догмаларын гана кабыл алган деген тыянакка келет.*

***Негизги сөздөр:*** *теңир, асман, кудай, буддизм, авеста, дин, идеология, жаратылыш, өз ара байланыш*

*Академик А.А. Алтмышбаев является основоположник философского исследования значения, места, происхождения и эволюции веры в тенирианство в мировоззрении кыргызов. Он исследует взаимосвязь понятия «Господь» с религией и идеологией кыргызского народа. Рассматривается историческое развитие этой концепции в сознании кыргызов, анализируется путь буддизма, идущий из Древней Индии через Монголию, Тибет, а также второй путь через чтение Авесты персами. Буддизм не смог пустить глубокие корни у древних тюрков. Однако древние тюркские племена, в том числе и киргизы, использовали буддизм в качестве образа жизни. Ученый приходит к выводу, что они принимал только понятия и догмы про Небо, Землю, Воду и.т.д.*

***Ключевые слова:*** *Небеса, Бог, буддизм, Авеста, религия, идеология, природа, взаимосвязь.*

*Academician A.A. Altmyshbaev is the founder of a philosophical study of the meaning, place, origin and evolution of faith in Tenirianism in the worldview of the Kyrgyz people. He explores the relationship of the concept of «Lord» with the religion and ideology of the Kyrgyz people. The historical development of this concept in the consciousness of the Kyrgyz is examined, the path of Buddhism coming from Ancient India through Mongolia, Tibet, as well as the second path through the reading of the Avesta by the Persians, are analyzed. Buddhism was not able to take deep roots among the ancient Turks. However, the ancient Turkic tribes, including the Kyrgyz, used Buddhism as a way of life. The researcher comes to the conclusion that they accepted only concepts and dogmas about Heaven, Earth, Water, etc.*

***Key words:*** *Heaven, God, Buddhism, Avesta, religion, ideology, nature, relationship.*

Азыркы геосаясий мейкиндикте цивилизациялардын кагылышуусунун бир фактору диндик көз караштар болууда. Диндик көз араштар ортосунда күрөш эки деңгээлде: бир жагынан ар кандай конфессиялар ортосунда жүрсө, экинчи бир жагынан бир эле диндин ичинде багыттардын ич арасында келип чыгууда.

Кыргызстанда коммунисттик системанын дарбазасы ачылып, сырткы карым-катышка жол ачылаар менен мурдагы күчтүү атеизмден арачалап алчудай болуп, ар түрдүү конфессиялар каптап кирди. Өткөөл мезгилдеги башкаруунун чабалдыгы, чарбалык баш аламандык, идеологиялык боштук, социалдык кыйынчылыктар адамдарга руханий таяныч издетип, тигил же бул диний агымдардын үгүтүнө тез эле ынанууга алып келди. Мындай шартта жергиликтүү элдердин, айрыкча жаштардын арасында башка диний агымдарынын пайда болуусу өз учурунда коомчулуктун тынчсыздандыруусун жаратып, массалык-маалымат каражаттарда резонанс туудурган. Диндик ишенимдери боюнча этностун бөлүнүп жарылуусуна алып келүү коркунучу алгач жер-жерлерде эки башка дин ишениминдегилердин сөөгүн коюуда карама-каршылыктардан айкын көрүнүп, мамлекетте бул багытта идеологиялык иштерге көңүл буруу зарылдыгын көрсөттү.

Бул жагдай жергиликтүү элдин көпчүлүгү мурдатадан тутунуп келе жаткан ислам динаятчыларынын да түйшөлүүсүнө себеп болуп, эл ичинде дабат иштерин жүргүзүүнү активдештирди. Бул күрөштө прогрессивдүү идеялар менен бирге эле аша чабуулар жок эмес. Деги эле эгемендүүлүк шартында ислам дининин таасирин күчөтүү кеңири кулач жайды. Азыркы күндө жалпы билим берүүчү мектептерге караганда мечиттердин саны көп. Атайын катоодон өтүп мыйзам тартибинде уюшулбаган диний окуу жайлар, медреселер да көбөйгөн. Үстүбүздөгү жылы мамлекеттин коопсуздугу үчүн мечиттердин, медреселердин ишинин мыйзамдуулугу тескөөгө алынып жатканы бекеринен эмес.

Ислам динин аркасында кыргыздын өз маданиятынын сүрүлүп бара жатканы, салт-санааларда, кийим кечелерде ислам динине жамынып арабдашуу процес-

си күчөгөнү кыргыз интеллигенциясын да ойлондуруп келет. Азыркы ар бир эл түпкү башаттарын таап, өз маданияты өз жүзү менен гана ааламдашуунун агымына кошулуп, өз идентүүлүгүн сактап калуу үчүн күрөш, кайра жаралуу жүрүп жаткан шарта бул маселе кыргыздардын идеологдорун, кыргыз интеллигенциясын да ойлондурат. Анын ичинде кыргыз маданиятынын түп башаты катары теңирчилик ишенимине кайтууну жактагандар да бар.

Кыргыз илимий чөйрөсүндө «Теңирчилик», «Теңир» түшүнүктөрү бүгүн эле пайда боло калган жок. Тилди изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде өз адистиктеринин чегинде мурдатадан бери эле каралып келген түшүнүктөр. Филолог М.А. Хабичиев «Теңир» түшүнүгү Борбор Азиядагы кыргыз, казах, өзбек элдеринде гана эмес, бир катар кавказдык түрк тилдүү элдерде да болгондугун белгилейт.

Кыргыздардын дүйнө таанымында теңирчилик ишенимине философиялык жактан илик салгандардын алгачкысы - академик А.А. Алтмышбаев болгон. Ал «Теңир» бир жагынан асман же көктү экинчи бир жагынан кудайды түшүндүргөн тилчилердин пикирин жокко чыгарбай туруп, «теңир» түшүнүгүнүн кыргыздардын дини жана идеологиясы менен байланышканына маани берген. А. Алтымышбаев бул түшүнүктүн кыргыздардын аң-сезиминдеги тарыхый өнүгүшүн карап, биздин күндөргө чейин жеткен эволюциясын көрсөтөт.

Ал «Асманды» улуу ыйык катары кароонун башатын Чыгыш элдеринде индиялык булактардан, Асман телолорун улуу Кудайга теңөөнүн учун байыркы фарсы эстелиги Авестадан табат. Авеста пантеонунда эң таасирдүү кудай, күн менен жарыктын кудайы согушкандардын кубаттуу, жеңишке жеткирүүчү пири - Митра, ошондой эле түшүмдүүлүк менен суунун кудайы, матриархат мезгилинде пайда болгон культ Аму-Дарья - Арвистура Анахита болгон [1, 31-б.] деген фарсы тилдүү булактарды көрсөтөт.

Мифологиялык аң-сезимде жаратылышты образдуу чагылдырылып, бардыгын генетикалык тууғандык катыш аркылуу кабыл алуу мүнөздүү. Асылбек Алтмышбаев индиялык баяндарда «байыркы ведалык кудайларга асман - асманды жарыктандырган ата Диаус, жана Притхиви эне - Жер» [2, 50-б.] деп айтылганына таянат. Кийин алар биринчи (асман) Варуна, а экинчи (жер) - Индра деп субъективдештирилет. Варуна эзелки веда пантеонунда жогорку кудай деп эсептелген [3, 31-б.]. Кудайды көккө таандык кылуу, Байыркы индияда эле эмес, байыркы перстерге, гректерге, байыркы түрктөргө да, ал турсун евроазиялык элдерден оголе алыстагы азыркы мексикалыктардын ата-бабалары нагуаларга (индейцтерге) да мүнөздүү экенине токтолот.

А.А. Алтмышбаевдин пикиринде индуизм идеялары адегенде түндүктүн элдерине монголдорго, тибеттиктерге жайылган. А. Алтмышбаев буддизимдеги ушундай, асман - кудай деген персонификациялык мазмун, түрк элдеринде ошо боюнча эле өзүнүн абстракуу маанисине эч качан жетпей калгандыгын белгилейт.

А. Алтмышбаев, буддизм идеялары кыргыздардын түпкү ата-бабаларына өтүшүүсү толук изилденбеген, бирок анын догмаларын кыргыздар өздөштүрүп алгандыгы күмөнсүз дейт. Индиялык купецтер Батышка эле эмес, Түндүк-Чыгышта (Гималай артында өлкөлөр) тибет, моңгол ж.б. гун уруулары менен да экономикалык байланышты өнүктүрүшкөн. Экономикалык байланыштар кийин саясий байланыштарга өсүп жеткен. Монголдор индиялык адабияттарды кеңири жайылтуучулар болушкан.

А. Алтмышбаев будданын «кедей жана кемсингендер менен бай жана атактуулар баары тең» караган окуусу караламан көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруп, алардын кызыкчылыктарына жана рухий талаптарына жооп берген. Буддизм жергиликтүү каада-салттарга өзгөчө ийкемдүү болгондуктан улуттук мүнөзгө ээ болуп, кыргыздардын жашоо шарты менен каада-салтына ылайыкташып кеткен деген тыянакка келет.

Байыркы кыргыздар менен Байыркы Индиянын ортосунда монгол, тибеттиктердей түздөн-түз экономикалык жана маданий мамиле-катыштар болгон эмес. Буддизм кандай тартуучу күчкө ээ болсо да, кыргыздардын бул идеология менен туруктуу байланышы болбогон жана классикалык формага ээ болгон эмес. Буддизм миссионерлеринин аракети (алардын жергиликтүүлөрү болгону тууралуу тарыхый маалыматтар жок) Индия менен түздөн-түз мамиледе болгон Монголиядагыдай, Тибеттегидей ийгилике жетише алган эмес, Жергиликтүү эл бул динди жалпы жонунан эле кабыл алышкан. Кийинчерээк кыргыздар арасында буддизм түпкү мазмун менен формасын жоготуп, көчмөндөрдүн психологиясы менен аң-сезиминде үрүл-бүрүл түшүнүмдөр сакталып, аларды жергиликтүү культтун кызматына колдонушкан.

А. Алтмышбаев уйгурлар, алтай түрктөрү, тибеттиктер, монголдор негизги космологиялык түшүнүктөрдү индустардан кабыл алышса, Орто Азия элдери индустардын бул билимдерин перстер аркылуу өздөштүргөн болуу керек дейт. Бул концепцияны бекемдеш үчүн А.А. Алтмышбаев башка кошуна элдер сыяктуу эле байыркы түрктөрдүн жазма эстеликтеринен улуу кудай деп Асманга сыйынышкана далилдерди келтирет. Байыркы түрк каганы Ильтэрэстин урматына коюлган эстеликте мындай жазууга көңүлдү бурат: «Биздин ата-бабабыз Бумын-Каган төгөрөктүн төрт бурчун багынткан... Кагандын көзү өткөн соң, түрк эли чачырады... Түрк элинин аты басыла баштады... Көктө Теңир бар - Түрк эли жок болбойт, жем да болбойт!» [4, 9-10-бб.].

Бул жана башка байыркы түрк жазма эстеликтер-

де «Теңир» түшүнүгү жогорку кудайды түшүндүрөт. Болгондо да «Теңир» улуу кудай маанисинде байыркы түрктөрдүн орхон, ошондой эле тянь-шань жазууларында да чагылдырылган.

Философ «Теңир» түшүнүгү Кудай деген менен катар колдонулаарына элдик оозеки чыгармачылыктан, кыргыз элинин энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунан, азыркы кыргыз жазма адабиятынан да (Т.Касымбековдун «Сынган кылычынан», Ж.Мамытовдун чыгармаларынан) мисалдарды көрсөтөт.

Революцияга чейин Ч. Валиханов, В. Радлов, П.Потанин бул проблемага кайрылышканын, Теңир, бардык байыркы түрк урууларынын, анын ичинде кыргыздардын аң-сезиминде улуу кудай деп эсептелгенин белгилеп, Теңирдин маңызы байыркы түрктөрдүн түшүнүмүндө классикалык динде Христ жана Мухаммедди түшүнгөн маңыздан башкача экенин аныктайт. Христ жана Мухаммед адамдан башкача кудуреттүү инсандар деп билет. Байыркы түрктөр Асманды (Теңирди) объективдүү жаратылыш деп эсептешет. Мындай түшүнүмдө окумуштуу Теңирдин маңызынан эркин ой жүгүртүүнүн тенденциясын көрөт. Ушундай жагдайды Чокан Валихановдун: «Шаманчылык, бир жагынан жаратылышты бүткүл жалпы жана жекече да ыйык көрүү. Адам жаратылыштын таасиринде жашайт жана аракет этет. Бул жагынан шаманчылык айкын материализм» [5, 14-б.] дегенине көңүлдү бурат.

Байыркы түрктөрдүн, анын ичинде кыргыздардын ишеними пантеисттик мүнөздө болгонун Теңир алардын түшүнүмүндө жаратылыш менен кудайдын ортосунда туруп, адамдардын тагдырына күчтүү таасир эткен. Буддизм байыркы түрктөргө терең тамыр жайып кете алган эмес. Бирок, байыркы түрк уруулары, анын ичинде кыргыздар буддизмдин өздөрүнүн жашоо образына туура келген -Асман, Жер, Суу ж.б. түшүнүк менен догмаларын гана кабыл алган.

А. Алтмышбаев Теңир жөнүндө иликтөөсүндө башка дин окууларындай эле байыркы түрктөрдүн Теңир кудайынын борбордук идеясы – адамдын өлүм жана өмүр проблемасы болгонуна көңүлдү бурат [6, 44-б.]. Байыркы түрктөрдүн оюнча өлгөндө да материалдык нерселерге муктаждык бүтпөйт. Мүрзөсүнө керектүү буюм-тайымын кошо коет. Мындан адамдын жаратылыштын кубулуштарына «баш ийбеген» күрөшүн көрүүгө болот. Алардын бул аракеттерин дүйнө түшүнүмдүн баелугу, жаңылыштыгы деп гана түшүнбөшүбүз керек. Бул ата-бабаларыбыздын күндөлүк турмуштун кубулуштарын абстракциялоосу, жаратылыштын кубулуштары эрктен тыш экенин таануусуна, ар бир кадамында өздөрүнүн билимдерин арбытып отурганына, акыры келип табияттын туткуну болуудан толук кутулуу үчүн акырындап баскычтар менен көтөрүлүп отургандыгын көрсөтөт.

Диндин «классикалык» формалары – буддизм, христианчылык, ислам теңирчиликти жана ал сыяктуу ишенимдерди «бутпарастык» деп, четке кагышат. Анткен менен бутпарастык өзүнүн жөнөкөйлүгү менен жана түздөн-түз жаратылыштын кубулуштарын объективдүү түшүнүүгө белгилүү бир даражада жакындатат. Билим өнүккөн сайын Теңирчилик ишениминин примитивдүү түшүнүктөрү жаңыга оңой жол бошотот. Анын диалектикалык эволюцисы жаратылыш таануу илимдерине тутумдашат. Илим – бул дин эмес. Сөзүбүздүн башында айтылган «теңирчиликти» дин катары калыбына келтирип кабыл алууну көздөгөндөр муну түшүнүү керек.

**Адабияттар:**


1. Гафуров Б.Г. История таджикского народа. - М., 1952. - 27-28-бб.
2. Алтмышбаев А.А. «Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии». - Ф., Илим, 1985. - 31-б.
3. Луния Б.Н. История индийской культуры. - М., 1960.-50-б.
4. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. - 9-10-бб.
5. Валиханов Чокан. Избранные произведения. - Алма-Ата, 1958. – 146-б.
6. Алтмышбаев А.А. «Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии». - Ф.: Илим, 1985. - 44-б.